DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

Алыбаева С.А., Мамбетов М.А., Анарбаева Ж.К.

КАНТ ДИАБЕТИНДЕГИ ДЕТЕРМИНИЗМ

Алыбаева С.А., Мамбетов М.А., Анарбаева Ж.К.

ДЕТЕРМИНИЗМ ПРИ САХАРНОМ ДИАБЕТЕ

S.A. Alybaeva, M.A. Mambetov, J.K. Anarbaeva

DETERMINISM IN DIABETES MELLITUS

УДК: 616.001.123/129:616. 379.008.64

Кант диабети оорусунун таралышы жана көбөйүшү дүйнө жүзү боюнча саламаттык сактоонун өтө маанилүү көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат. Өтүшүп өнөкөткө айланышы: майыптуулукка эрте алып келүү менен бирге жана өлүмдүн жогорку көрсөткүчүн көрсөтөт. Детерминизмдин себеп жана натыйжа, себептүүлүк категорияларын колдонуп, кант диабети оорусунун келип чыгуу себептери жана өтүшүп кетүү коркунучтары каралды. Өз убагында алдын алуу иш чараларын ырааттуу ишке ашыруу, кант диабетине чалдыккандарды азайтып бейтаптардын узак жашоосун жана жашоо сапатын жакшыртат. Азыркы учурда кант диабетинин пайда болушу, өөсүп өөчүшү, оорлошуп кетүү коркунучтары, башка органдарга тийгизген таасирин чагылдырган эбегейсиз чоң фактыга негизделген материал чогулган. Бирок, оорунун эмне үчүн пайда болушу толук чечиле элек, анткени механизмдер жана процесстер жеткиликтүү денгеелде аягына чейин изилдене элек.

***Негизги сөздөр**: ден соолук, медицина, кант диабети, диабеттик нейропатия, себеп, натыйжа, алдын алуу, детерминизм, категория.*

На сегодняшний день распространение сахарного диабета и увеличение количества заболевающих является одной из наиболее важных проблем современной медицины. Особую обеспокоенность медицинской общественности вызывают осложнения наблюдаемые для данного заболевания, которые приводят к ранней инвалидизации и высокой смертности среди больных недугом. Используя причинно-следственные и причинные категории детерминизма, были рассмотрены основные причины и осложнения для сахарного диабета. Выполнение своевременных профилактических мероприятий способствует снижению количества заболевших, их более длительной и более качественной жизни. На настоящий день собрано огромное количество материалов, взятых из врачебной практики по появлению болезни, по рискам ее перехода в более тяжелое состояние, а также влияния на различные органы человеческого тела. Однако, не до конца ясны истинные причины зарождения болезни, это объясняется тем что механизмы заболевания и сопутствующие ей процессы не изучены полностью.

***Ключевые слова**: здоровье, медицина, сахарный диабет, диабетическая нейропатия, причина, следствие, профилактическая помощь, детерминизм, категория.*

The prevalence and increase in the incidence of diabetes is one of the most pressing health problems around the world. Diabetes is characterized by high mortality and early disability due to chronic complications. The causes and risks of complications of diabetes mellitus using the category of cause and effect of determinism are considered. At the moment a broad set of materials related to the roots of disease emergence, the risks of enhancing to the heavier stages and the impact on humans' organs has been collected. However, the issue of why the disease develops, is still waiting for its decision, because the mechanisms and processes at a more subtle level of the disease have not been fully studied.

***Key words**: health, medicine, diabetes mellitus, diabetic neuropathy, cause, effect, preventive care, determinism, category.*

Медицина илими дагы, башка илимдин тармактары сыяктуу кээ бир философиялык категориялардын түшүндүрмөлөрүнө негизделет. Философиялык категориялар жана түшүнүктөр илимде жана медицинада дүйнө, коом жана адам таануу баскычтары же негизги пунктары болуп саналат. Диалектиканын категорияларынын бири: «детерминизм» (лат. determino – аныктайм) – материалдык жана руханий дүйнө көрүнүштөрүнүн жана процесстеринин объективдүү мыйзам ченемдүү өз ара байланышы жана өз ара шарттоочулугу тууралуу окуу. Билимдин кайсы гана тармагында болбосун, илгертен бери келе жаткан фундаменталдык фактылар жөнүндө ой жүгүртүү биринчи кезекте "Эмнеге? кандай?" суроолорго жооп талап кылат.

Медицинада бул суроолор патологиялык процесстин маңызын ачып берүүдө, оорунун өсүп өнүгүү процесстерин таанууда, жол көрсөтүп турат жана көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет.

Ар бир илимдин өзүнүн философиясы болушу керек жана ушул шартта гана чыныгы ийгиликтер жа-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

ралат. Оорулардын, атап айтканда кант диабетин алдын алууда, олуттуу максаттарды камтыган менен, тобокел факторунун концепциясы күтүлгөн жыйынтыктарды берген жок. Көпчүлүк себептер белгисиз бойдон калууда же жетиштүү так эмес болгондуктан, алдын ала айтууга жол бербейт. Кант диабетинин этиологиясы боюнча XX кылымдын теориялык жана практикалык тажрыйбасына макалада баа берилет. Ата мекендик медицина илими алдын алуу идеологиясынын эң негизин - оорулардын себептери жөнүндө түшүнүктү иштеп чыккан. Диалектиканын негизинде, себептүүлүк бир гана мыйзам ченемдүү көрүнүш эле эмес, карама-каршылыктардын үзгүлтүксүз мамилеси экендигин эске алуу керек. Ошондуктан "патологиянын" пайда болуу себептүүлүгүн эки өз ара байланышкан карама-каршы "объективдүү (же тышкы)" жана "субъективдүү (же ички) "тараптардын мамилесинин жыйынтыгы деп эсептейбиз.

Буюм жана көрүнүштөрдүн пайда болушун түшүнүү жана түшүндүрүү – демек алардын себебин аныктоо – детерминизмдин негизги идеологиясы. Дүйнө кубулуштарды жана адамды илимий таанууда жалгыз далилдүү принциби болуп себептик түшүндүрүү саналат. Диалектикада детерминация процессин мүнөздөгөн үч жуп категория бар: себеп жана натыйжа, мүмкүнчүлүк жана чындык (алар менен ыктымалдуулук түшүнүгү дагы байланыштуу), зарылдык жана кокустук. Себептин таасири жана ал пайда кылган натыйжа кийинки шарттардан көз каранды: бир эле себеп бирдей шарттарда окшош, ар кандай шарттарда – окшош эмес натыйжага алып келет. Натыйжанын ар кандай келип чыгышына себептүүлүк эле эмес, мүмкүнчүлүк жана чындык (ыктымалдуулук түшүнүгү дагы байланыштуу), зарылдык жана кокустук категорияларынын ортосундагы байланыштын мүнөзүнө жараша болот. Ыктымал себептүүлүктө натыйжа качан келээрин айтуу мүмкүн эмес, бирок бул медицинада ооруну алдын алууда чоң роль ойнойт. Себептүүлүк көйгөйү дарыгердин методологиялык жетишкендигинде маанилүү орунду ээлейт. Ал айрыкча оорунун этиологиясы (aetia - себеп, logos - илим) тууралуу окуу менен байланыштуу. Себептүүлүк (каузалдуулук) белгилүү шарттарда бир көрүнүш (себеп) айласыздан башка көрүнүштүн (натыйжа же таасир) пайда болушун чакырган көрүнүштөрдүн зарыл генетикалык байланышын чагылдырат.

Ошондуктан диалектикалык материалисттик концепсиясы, дарыгерлерди нормада жана патологиядагы адам денесинин иштөө мыйзамдарын ар тараптуу изилдөөгө, жогорку денгээлде аныкталган жана статистикалык себептик байланыштарды ачууга багыттайт. Мунун натыйжасында «себептүүлүк» категориясы медицинанын илимий жолдорду түзүүнүн маанилүү логикалык-методологиялык негизи болуп калат. Биринчиден оорунун себебин билүү менен гана, организмге киргенге чейин анын таасирин болтурбоого, алдын алууга, диагноз коюу жана дарылоо ыкмаларын тандоого мүмкүнчүлүк алабыз.

Детерминизмдин категорияларына таянып, дүйнөлүк медициналык-социалдык көйгөй болуп саналган кант диабетин карап чыгабыз. Диабеттин эки түрү бар: 1 жана 2-типтеги кант диабети.

1-типтеги кант диабети жаш (40 жашка чейин) же бала куракта башталат жана өтө оор өтөт, Кыргызстанда 3900 ашыгы каттодо турат. Мунун негизги себеби уйку без инсулинди дээрлик иштеп чыгарбай калганында, оорулуулардын 10 % түзөт.

2-типтеги кант диабети 40 жаштан өткөндөн кийин башталып оорулуулардын 90% түзөт.

3- гестационный түрү боюнда барда кездешет.

4-диабеттин башка түрү аз санда кездешет уйку без же башка без ооруларда травма операция болсо, тубаса бездердин жетишсиз түрлөрүндө, инфекция кучөп турганда(вирус краснухи, цитомегаловирус), уулу заттар химикаттар же даарылардын тескери таасиринен кийин пайда болушу мүмкүн.

2-типтеги кант диабетинин (КД) жайылышы жугуштуу эмес эпидемия мүнөзүн алуу менен ар бир 10-15 жылда эки эсеге көбөйүп жатат. Кыргыз Республикасынын Республикалык медициналык-маалымат борборунун (РМИЦ) маалыматы боюнча 2000-жылы 19230 оорулуу, 2010-жылы 33190 оорулуу, 2018-жылы 56000 оорулуу катталган.

Экинчи типтеги кант диабетинин пайда болушуна биринчи себеби инсулин секрециясыны аз санда бөлүнүп чыгышы, экинчи себеби инсулинге клеткалардын сезгичтигинин төмөндөшү көпчүлүк учурларда аутосомалык басымдуулук кылган мурас аркылуу өтөт. Биринчи генетикалык жетишсиздик бүгүнкү күнгө чейин толук изилдене элек. Бирок кант диабети бар үй бүлө мүчөлөрүндө дайыма кездешкени кездешкен, ооруп калуу ыктымалдуулугу жаш өткөн сайын коркунуч туудурат. Бейтаптардын 80%ти ашык салмактуулук жабыркашат. Кант диабетинин билинбеген туру акырындап, макро тамырдык жана микро

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

тамырдык оорлошуулары эрте майыптык коркунучун жана жашоонун жалпы узактыгынын төмөндөшүнө алып келет.

Акыркы учурда углеводдук зат алмашуунун баштапкы бузулууларын «предиабет» жалпы термини менен бириктиришет, ал бизге өз убагында углеводдук зат алмашуунун баштапкы бузулууларынын коррекциясынын алдын алуу чараларын жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Углеводдук зат алмашуунун баштапкы бузулуулары кант диабетинин пайда болуу ыктымалдуулугу жогорулатат, ага түздөн түз шарт түзө турган бир нече оору бар. Алардын ичине семирүүнү, ашык салмактуулук, кан басымынын жогорулашы, липиддик зат алмашуунун бузулушун, кайталанган тери инфекцияларын киргизишет. Клиникалык изилдөөлөрдүн катарында жашоо образын өзгөртүү, сергек жашоону тандоо жана диетаны сактоо, ошондой эле физикалык жүктөмдүн (ФН) көбөйүшү предиабети бар бейтаптардагы КДнин өөрчүү тобокелдигин олуттуу төмөндөтөт.

Кант диабетинин өтүшкөн көрүнүштөрү:

Билбей же дарыланбай жүрө берсе кант диабети өтүшүп, бүт органдарга тескери таасирин тийгизип баштайт, эрте эле майыптуулукка алып келет.

1. Диабетическая ретинопатия – көз начарлай баштайт.

2. Диабетическая нейропатия – буттун нерв кан тамырлары акырындап бузулуп соолуп , манжалардан баштап чирий баштайт бутун кескенге туура келет, биринчи белгилери - катуу ооруйт какшайт акырындап сезбей калат.

3. Диабетическая нефропатия – бөйрөктүн иштөө функциясы бузулуп шишик басып, гемодиализге алып келиши мүмкүн. Мамлекет бир жылда 700 000 сом гемодиализге жумшайт, жарымы кант диабети менен ооругандар.

4. Диабетическая остеоартропатия – муундардын иштеши бузулуп баса албай калат, тизе муундары жана буттун майда муундары жабыркагандыктан кыймыл аздайт.

5. Жүрөк ооруларына: аритмия, инфаркт, давлениянын көтөрүлүшүнө алып келет.

6. Диабетическая энцефолопатия – мээ кан тамырлары жабыркап, эстеп калуу жөндөмдүүлүгү начарлайт, башы ооруп, кусуп, баса албай жана сүйлөгөнү так болбой булдуруктап өзгөрүшү мүмкүн, мээге кан куюлуп инсультка алып келет.

7. Кандагы глюкозанын азайып же көбөйүп кетсе, кома болуп эсин жоготушу мүмкүн (оорулууга диабет деген паспорт берилет, дайыма кант, даарыларын ала жүрүш керек.) КР Саламаттык сактоо Министрлиги (9.08.2006-жылкы №166 Мыйзамы) кант диабетине байланыштуу алдын алуучу багыттарды күчөтүү жана жакшыртуу маселесин койгон.

Алдын алуу чаралары бейтаптын ишке жөндөмдүүлүгүн сактоо менен оорунун өөрчүшүн, ошондой эле өтүшүп кетүү коркунучтарын алдын алууга шарт түзөт, ал өз кезегинде дарылоо чыгымдарын азайтууга, жашоо сапатын жакшыртуу менен узартууга мүмкүндүк берет.

КДны алгачкы алдын алуу:

- предиабети бар адамдарды болушунча эрте аныктоо;
- предиабетин жана ашык салмакты азайтуу, ал 2-типтеги кант диабетин углеводдук зат алмашуунун баштапкы бузулууларын жайлатууга мүмкүндүк берет;
- убак-убакыты менен анализ тапшыруу жана тобокел тобун аныктоо диабеттин өөрчүшүнүн орто жана жогорку тобокелдигинде жашоо образынын өзгөрүшү (рационалдуу тамактануу, дененин ашыкча салмактуулугунун төмөндөшү, физикалык активдүүлүктүн жогорулашы, чылым чегүүнү таштоо, алкоголь ичимдиктерин ичүүгө чек коюу, стресстен алыс болуу).

Эгер жашоо образын өзгөртүү, салмактын каалагандай төмөндөшү менен гана углеводдук зат алмашуу көрсөткүчтөрүнүн нормасына жетүү оңунан чыкпаса, медикаментоздук терапияны кошуу сунушталат. Бул иш чаралар кант диабетин кечиктирүүгө же алдын алууга жардам берет.

Кант диабети менен ооруп калган бейтаптар анын өтүштүрбөө үчүн кошумча алдын алуу жолдору:

1. Жашоо сапатынын, майыптуулуктун, өлүмдүн төмөндөшүнө алып келген кан тамыр бузулууларын алдын алуу (липиддик жана углеводдук зат алмашуунун жана кан басымдуулукту нормада кармоого жетишүү, жашоо образын өзгөртүү).

2. Сапаттуу заманбап жана эффективдүү дарылоо.

3. Социалдык колдоо.

4. Оорулууларды өзүн көзөмөлдөөгө үйрөтүү.

5. Диабет мектебине үйрөтүү (диета, диабеттик тамандын алдын алуу ж.б.).

Заманбапка ылайык бүткүл дүйнөдө кант диабе-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

тин дарылоонун жаңы концепциясында ал ар бир бейтап үчүн гликемиялык критерийлерди жана зат алмашуунун бузулууларын максаттуу көзөмөлгө алуу кабыл алынган. Заманбап дарылоо ыкмалары олуттуу оорлошуулардын өөрчүү тобокелдигинин бир кыйла төмөндөшүнө мүмкүндүк берген: жүрөк кан тамыр ооруларынын пайда болушу 53%, ретинопатиянын жаңы учурлары – 58%, нефропатия – 61%, нейропатия – 63% төмөндөгөн. Кант диабетинде кан тамыр патологиясынын өөрчүшүн алдын алуу же басаңдатуу үчүн гликемиянын, липиддик зат алмашуунун жана артериялык кан басымдын деңгээлин, ушул үч көрсөткүчтү бир убакытта көзөмөлдөөдө гана жетише алабыз.

Азыркы учурда кант диабетинин келип чыгуу себебин толук аныктоо өтө кыйын, анткени анын бардык себептери абсолюттук маанаге ээ эмес, ошондуктан этиологиялык багыттуулукту алып жүрбөйт. Демек, оорунун себеби так эмес боюнча калат. Азыркы учурда кант диабетинин пайда болушу, өсүп өөчүшү, оорлошуп кетүү коркунучтары, башка органдарга тийгизген таасирин чагылдырган эбегейсиз чоң фактыга негизделген материал чогулган. Бирок, оору эмне үчүн өөрчүйт деген суроо дагы эле өзүнүн жообун күтүүдө, анткени бул оорунун механизмдери жана процесстери жеткиликтүү деңгээлде аягына чейин изилденип бүтө элек.

Адабияттар:

1. Давыдовский И.В. Медицинадагы себептүүлүк көйгөйү. Окуу куралы. - М.: Медгиз 1962. - 176 бет.
2. Андреев С.И. «Ден соолуктун детерминизми жана медицинасы». / Санитардык агартуу эл аралык конференциядагы тезистик доклад. - СПб., 1991.
3. Аскин Я.Ф. Философиялык детерминизм жана илимий таануу. / Окуу куралы. - М., 1977. - 97 б.
4. Дедов И.И., Шестакова М.В., Александров А.А. Кант диабети. / Окуу куралы. - М., 2011.
5. Кыргыз Республикасынын Саламаттык Сактоо Министрлигинин 9-август, 2006-жыл, №166 «Кант диабети жөнүндө Мыйзамы, глава 3-4.
6. Экинчи типтеги кант диабетин аныктоо жана даарылоо. / Дарыгерлер үчүн клиникалык колдонмо. - Бишкек, 2017.
7. Петленко В.П., Струков А.И., Хмельницский О.К. Детерминизм жана патологиядагы себептүүлүктүн теориясы. - М.: Медицина, 1978 - 260 б.
8. Амосов Н., Герман М., Горбач Н. Медицинанын философиялык проблемалары: Методологиялык семинарлар үчүн. - К.: Здоровья, 1969-ж. - 286 б.